| | | | |
|---|---|---|---|
| Топология жана геометриянын тандалган маселелери | 2 | Үч ченемдүү евклиддик мейкиндиктеги сызыктар жана беттер | 2 |
| Профессионалдык цикл (вариативдик бөлүк) | | | |
| • Картандын сырткы формалар методу<br>• Көп ченемдүү дифференциалдык геометриялар<br>• Геометриянын актуалдуу проблемалары<br>• Чөгөрүлгөн көптүспөлдүүлүктөрдүн геометриясы | 17 | • Өзгөртүп түзүүлөрдүн геометриясы жана матрицасы<br>• Дифференциалдык геометриянын жана топологиянын негиздери<br>• Вектордук жана тензордук анализдин негиздери<br>• Илимий-изилдөө иштеринин негиздери | 17 |

Жогорудагы профессионалдык циклдын вариативдик бөлүгүндөгү алмашылган төрт предмет “Математика” багыты боюнча PhD- докторантурада окутууда максаттуу деп эсептелинет.

Окуу планына өзгөртүү кийирилип, айрым дисциплиналар алмашкандыгына байланыштуу 9 окутуудан күтүлүүчү натыйжаларга төмөндөгүдөй ОН-10ду сунуштайм:

ОН-10: Аудиториянын деңгээлин ар тараптан эске алуу менен жалпы билим берүүчү мекемелерде, башталгыч кесиптик билим берүүчү мекемелерде, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүүчү мекемелерде физика-математикалык жана информатикалык дисциплиналарды окутуп, тарбиялык иштерди уюштура алат (ПК-12, ПК-15).

Өзгөртүү кийирилген жаңы окуу план боюнча 2017-2018-окуу жылында магистрдик багыттын 1-курсу сабактарды окушат. Ал эми 2-курс 2014-2015-окуу жылында бекитилген окуу план боюнча сабактарын уланта беришет. 2017-2018-окуу жылы үчүн жумушчу окуу планы жаңы жана эски окуу пландарынын негизинде жогорудагыларды эске алуу менен түзүлдү.

Бул жаңы окуу планына ылайык НББПдан дисциплиналардын аннотациялары да толукталды.

Г. Матиеванын жогорудагы билдирүүсүнөн кийин чогулуштун мүчөлөрү бул маселени кабыл алып, төмөндөгүдөй чечимге келишти:

а) 510100 “Математика” магистрдик багытынын негизги билим берүү программасындагы өзгөртүүлөр канааттандырарлык деп табылсын;

б) 2017-2018-окуу жылына окуу планын жана НББПсын бекитип берүү жагы МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

Чогулуштун төрайымы: Матиева Г.

Чогулуштун катчысы: Борбоева Г.М.